**«БАКАЙ БАНК» ААКнын «Бактылуу Visa которуу» акциясына катышуу шарттары жана эрежелери**

## АЛПЫ ЭРЕЖЕЛЕР

шул катышуу шарттары (мындан ары — Шарттар) «Бактылуу Visa которуу» аттуу акцияны өткөрүү тартибин аныктайт. Акциянын уюштуруучусу — «БАКАЙ БАНК» ААК (мындан ары — Уюштуруучу).
1.2. Акциянын мөөнөтү: 2025-жылдын 10-ноябрынан 28-декабрына чейин (кошо алганда). Банк акциянын мөөнөтүн өзгөртүү, токтотуу же узартуу укугуна ээ. Эгер мөөнөттөр өзгөртүлсө, Банк кардарларды www.bakai.kg расмий веб-сайты аркылуу маалымдайт (мындан ары — Банктын расмий сайты).
1.3. Акцияга Кыргыз Республикасынын жарандары болгон, 18 жаштан жогору физикалык жактар катыша алышат. Катышуучулар «БАКАЙ БАНК» ААКнын кардарлары болуп, акцияга катышуу үчүн белгиленген шарттарды аткаруусу керек.
1.4. Акция шыктандыруучу лотерея болуп эсептелбейт. Жеңүүчүлөрдү аныктоодо кокустук принциби колдонулбайт — атайын алгоритм аркылуу жеңүүчүлөр тандалат.
1.5. Акцияга төмөнкүлөр катыша алышпайт:
• Банктын кызматкерлери жана Банк менен жарандык-укуктук келишимдин негизинде кызмат көрсөткөн жактар (анын ичинде промоутерлер), ошондой эле алар менен байланыштуу жактар — жубайы, ата-энеси, балдары жана бир туугандары;
• Visa компаниясынын жана анын туунду түзүмдөрүнүн кызматкерлери, ошондой эле Visa компаниясына жарандык-укуктук келишимдин негизинде кызмат көрсөткөн жактар.

## 2. ЖАЛПЫ ТЕРМИНОЛОГИЯ

2.1. Кардар — жеке жак, Банк үчүн стратегиялык жактан маанилүү кардар, башкача айтканда, Банкта тейленүүнү пландап жаткан же учурда тейленип жаткан, банктык кызматтарга карата жогорку мүмкүнчүлүктөргө жана муктаждыкка ээ болгон, ошондой эле кызматтарды чекене кардар катары учурда пайдаланып жаткан же пайдаланууну пландап жаткан жак.
тиркемесинде катталган жеке жак (мындан ары — «BakAi»).
BakAi мобилдик тиркемеси — бул кардарга банктык эсептериндеги акча каражатын мобилдик түзмөк же интернет аркылуу башкаруу мүмкүнчүлүгүн берүүчү банктык кызмат.
2.4. Которуу — бул «БАКАЙ БАНК» ААКсынын кардары тарабынан BakAi мобилдик тиркемеси аркылуу демилгеленип, Кыргыз Республикасынын

аймагынан тышкаркы өлкөлөрдө катталган финансы-кредиттик уюмдардагы алуучунун эсебине акча каражатын которуу операциясы.
мүмкүндүк берген тез кызмат көрсөтүү системасы.
2.6. Байге — акциянын жеңүүчүсүнө берилүүчү сыйлык, анын ичинде:
• Вьетнамга эки адамга туристтик сапар (1-орун);
• iPhone 17 смартфону (2- жана 3-орундар).

## 3. БАЙГЕ ФОНДУ

3.1. Акциянын байге фонду үч (3) байге орундан турат:

| Орун | Жеңүү шарты | Байге |
|---|---|---|
| 1-орун | 10 000-которуу | Вьетнамга эки адамга туристтик сапар* |
| 2-орун | 7 000-которуу | iPhone 17 Air 512 GB |
| 3-орун | 5 000-которуу | iPhone 17 Air 256 GB |

*Толук маалымат — 1-орунду ээлеген жеңүүчү үчүн турдун сүрөттөлүшүндө көрсөтүлгөн.

1-орунду ээлеген жеңүүчү үчүн турдун сүрөттөлүшү:
• Узактыгы: 7 түн;
• Турдун даталары: 2026-жылдын 13-январынан 20-январына чейин;
• Жайгашуу: 4/5 жылдыздуу мейманканада;
• Номер категориясы: EXECUTIVE DELUXE SEA VIEW / DBL;
• Тур эки (2) адам үчүн.
Турга төмөнкүлөр кирет:
• Бишкек – Фукуок – Бишкек багыты боюнча авиакаттамдар;
• Мейманканада жайгашуу;
• Тамактануу — «эртең мененки тамактар» системасы боюнча;
• Аэропорт – мейманкана – аэропорт маршруту боюнча трансфер;
• Медициналык камсыздандыруу.

3.2. Байгелерди акчалай эквивалентке же башка товарга, кызмат көрсөтүүлөргө алмаштырууга болбойт.
3.3. Жеңүүчүлөрдү аныктоо «БАКАЙ БАНК» ААКсынын автоматташтырылган банктык системасынын маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт.

тартибине ылайык, 5 000-, 7 000- жана 10 000-которууларды ишке ашырган катышуучулар саналат.

## 4. АКЦИЯГА КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ

4.1. Акцияга катышуу үчүн катышуучу төмөнкү талаптарды аткаруусу керек:
• «БАКАЙ БАНК» ААКнын кардары болуу;
• BakAi мобилдик тиркемесинин колдонуучусу болуу;
• BakAi мобилдик тиркемесинде өзүнүн банк картасын Visa+ сервисине байланыштыруу;
• Акциянын активдүү мөөнөтүндө BakAi тиркемеси аркылуу эл аралык которууларды (телефон номери же карта номери боюнча) ишке ашыруу.
4.2. Жеңүүчүлөр болуп BakAi мобилдик тиркемеси аркылуу эл аралык акча которууларды ишке ашырган катышуучулар саналат.
4.3. Эсепке алынуучу которуулар — бул Кыргыз Республикасынын чегинен тышкаркы өлкөлөргө, алуучунун телефон номери же карта номери боюнча жөнөтүлгөн эл аралык которуулар.
4.4. Эсепке төмөнкүлөр киргизилбейт:
• Банктын кардарларынын ортосундагы ички которуулар;
• Өлкө ичинде жүргүзүлгөн которуулар;
• Банктын бөлүмдөрүндө же башка каналдар аркылуу аткарылган операциялар.
4.5. Жеңүүчүлөр болуп эл аралык которууларды ишке ашырган жана Банктын автоматташтырылган системасынын маалыматтарына ылайык 10 000-, 7 000- жана 5 000-которууларды ишке ашырган катышуучулар эсептелет:
• 10 000-которуу (он миңинчи) — 1-орун: Вьетнамга эки адамга тур;
• 7 000-которуу (жети миңинчи) — 2-орун: iPhone 17 Air 512 GB смартфону;
• 5 000-которуу (беш миңинчи) — 3-орун: iPhone 17 Air 256 GB смартфону.
4.6. Эгер акция аяктоо маалында жалпы жасалган эл аралык которуулардын саны 10 000, 7 000 же 5 000ден аз болсо, тиешелүү байге төмөн жагындагы эң жакын номердеги катышуучуга берилет.
Мисалы: 10 000-которуунун ордуна — 9 999-которуу, 7 000-которуунун ордуна — 6 999-которуу, 5 000-которуунун ордуна — 4 999-которуу ээси жеңүүчү деп эсептелет.

## 5. УТУП АЛГАН БАЙГЕНИ АЛУУ ТАРТИБИ

5.1. Жеңүүчү аныкталгандан кийин ага BakAi мобилдик тиркемеси аркылуу push-билдирүү жөнөтүлөт, андан соң уюштуруучу телефон аркылуу байланышат — үч календардык күндүн ичинде кеминде үч жолу аракет кылуу менен. Байланыш номурунун жеткиликсиз болушу кошумча чалуулар үчүн негиз болуп эсептелбейт.
5.2. Эгер 5.1-пунктта көрсөтүлгөн мөөнөттө жеңүүчү менен байланышууга мүмкүн болбосо, байге алуу укугу кезектеги катышуучуга өткөрүлөт.

5.3. Байгени алуу үчүн жеңүүчү уюштуруучуга жеке инсандыгын тастыктоочу документти (Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту же «Түндүк» санарип документи) көрсөтүүгө милдеттүү.
5.4. Байге жеңүүчүгө зарыл болгон документтерге кол койгондон кийин гана өткөрүлүп берилет.
5.5. Байге түрүндө алынган кирешеден салыктарды эсептөө жана төлөө милдети уюштуруучунун мойнунда болот.
5.6. Акциянын жеңүүчүсү уюштуруучуга өзүнүн катышуусу менен жүргүзүлүүчү фото жана видеотасмаларга тартылууга жана аларды жарыялоого акысыз түрдө макулдугун берет. Бул материалдар жарнамалык жана маалыматтык максаттарда массалык маалымат каражаттарында, социалдык тармактарда жана интернет тармагында колдонулушу мүмкүн.
5.7. Уюштуруучу жеңүүчүнүн саякатка (учууга) катыша албай калышына өзүнөн көз каранды эмес себептер менен байланышкан жагдайлар үчүн жооп бербейт, анын ичинде, бирок төмөнкүлөр менен чектелбестен: чет өлкөлүк паспорттун, визалардын же керектүү документтердин жоктугу, өлкөдөн чыгууга чектөөлөр, ден соолугуна байланыштуу көйгөйлөр же башка жеке себептер.
5.8. Акциянын жыйынтыктары толук чыгарылгандан кийин 10 (он) календардык күндүн ичинде уюштуруучу жеңүүчүлөрдүн тизмесин Банктын расмий маалыматтык каналдарында жарыялайт.

## 6. ЭСКЕРТМЕЛЕР

6.1. Банк ушул Эрежелерге ылайык акцияны өткөрүүгө жана катышуучуларга утуштарды берүүгө милдеттүү.
6.2. Банк каалаган учурда өз чечими боюнча акциянын эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле акцияны узартуу, токтотуу же өзгөртүүлөр тууралуу маалыматты Банктын расмий сайтына жана башка расмий маалыматтык каналдарына жайгаштыруу укугуна ээ. Акциянын шарттарына киргизилген бардык өзгөртүүлөр Банктын расмий сайтында жарыялангандан кийин үч (3) иш күнү өткөн соң күчүнө кирет.
6.3. Банк төмөнкү учурларда, өз чечими боюнча, жеңүүчүгө байгени берүүдөн баш тартууга жана/же катышуучуну (же жеңүүчүнү) акциядан чыгарууга укуктуу, кабарлабастан:
• жеңүүчү байге тууралуу кабар берилген күндөн тартып үч (3) календардык күндүн ичинде Банкка кайрылбаса;
• жеңүүчү ушул Эрежелердин 5.3-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди байге тууралуу жарыяланган күндөн тартып үч (3) календардык күндүн ичинде бербесе же берилген документтер Эрежелердин жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына жооп бербесе;
• байге тууралуу кабар берилген күндөн тартып үч (3) календардык күндүн ичинде жеңүүчү менен байланышууга мүмкүн болбосо (абоненттик номер бөгөттөлгөн, байланыш тармагынан тышкаркы аймакта, чалууларга жооп

бербейт же Банктан көз каранды эмес башка себептер боюнча байланыш түзүлбөйт).

6.4. Акцияга катышуу менен, катышуучу төмөнкүлөрдү тастыктайт:

• ушул Эрежелер менен толук таанышканын жана аларга макул экенин;

• акцияны өткөрүү максатында Банк тарабынан жеке маалыматтарын жыйноого, иштетүүгө жана сактоого макул экенин;

• сүрөткө жана видеого тартылууга, ошондой эле өзүнүн сүрөтүн Банктын расмий сайты жана социалдык тармактардагы расмий баракчалары аркылуу жарыялоого жана жайылтууга макул экенин.